КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
КҮН-ЧЫГЫШ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
КУН-ЧЫГЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Күн-Чыгыш айыл аймагынын жергиликтүү Кенешинин кезектеги IV сессиясынын**

# № 18 ТОКТОМУ

2024-жылдын 27-июну Бөкөнбаев айылы

**Кажы-Сай айылдык Кенешинин 2023-жылдын 17-октябрындагы №24 сандуу токтомун жокко чыгаруу жөнүндө**

Кажы-Сай айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган Горный проспект көчөсүнүн 41 үйүнүн 35 батири Кажы-Сай айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги кыймылсыз мүлк катары каттоого алынып, кыймылсыз мүлктү каттоо органдары тарабынан 2-04-01-1001-1081-01-035 сандуу идентификациялык код ыйгарылган. Тон райондук сотунун 25.09.2013-жылдагы ГД-306/13 И-6 чечими, Ысык-Көл областтык сотунун 02.07.2014-жылдагы аныктамасы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2015-жылдагы токтому менен жогоруда аталган даректеги турак-жай Кажы-Сай айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчиги болуп таанылгандыгына карабастан, Кажы-Сай айылынын Горный проспект көчөсүнүн 41 үйүнүн 35 батири Кажы-Сай айылдык Кенешинин 2023-жылдын 17-октябрындагы №24 сандуу токтомуна ылайык (токтомдо 45 үй деп көрсөтүлгөн) Туркменова Гульнара Турдугуловнага жеке менчикке акысыз бекитилип берилген. Тон районунун прокуратурасы Күн-Чыгыш айылдык Кенешине 04.06. 2024-жылдагы №А24/118-07-00043 чыгыш сандуу каршылык билдирүү сунушун жиберип, Кажы-Сай айылдык Кенешинин 2023-жылдын 17-октябрындагы №24 сандуу токтомун жокко чыгарып берүүнү талап кылган.

Тон районунун прокуратурасынын каршылык билдирүү боюнча сунушун угуп жана талкуулап, Күн-Чыгыш айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына карама-каршы келгендиктен, Кажы-Сай айылдык Кенешинин 2023-жылдын 17-октябрындагы №24 сандуу токтомун жокко чыгарылсын.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Күн-Чыгыш айыл аймагынын жергиликтүү Кенешинин регламент, депутаттык этика, мандат, мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага К.Карыпов